**Таш-Комур шаарына караштуу Т.Уметалиев атындагы жалпы орто билим беруучу мектебиндеги**

№ 1 ата- энелер чогулушунун

Протоколу

Катышты: 110 ата-эне.     Саат 14-00

1 Ата-энелер комитетинин торагасы: Абдишов Б

2 Айыл аксакалдар кенешинин окулу: Долонбаева И

3 Аялдар кенешинин торайымы: Жылтырбекова К

Каралуучу маселе:

1 Окуучулардын мектепке мектеп форма менен келуусу боюнча Таш-Комур шаардык билим беруу болумунон келген буйрук менен тааныштыруу жана токтомдоштуруу

Чогулуштун журушу:

Угулду:

Чогулушту ата-энелер комитетинин торагасы Абдишов Б ачып, бугунку чогулушта каралуучу маселелерди жарыялады.

Таш-Комур шаардык билим беруу болумунон келген буйрук менен ата-энелерди мектеп директору тааныштырды. Ата-энелердин ойлорун сунуштарын эске ала тургандыгын жана протокол менен беките тургандыгын билдирди. Саламатсыздарбы ата-энелер. Бугунку чогулушта каралуучу буйрук боюнча маалымат бердим. Окуучулар мектепке окуу формасында келуусу жонундо тушундуруу иштерин жургузулсун деген буйрук келген. Негизинен ар бир окуу жайдын оз эреже тартиби болот. Мектеп болгондон кийин мектепке мектеп формасында келиш керек, ашыкча кийимдерди кийип келбоосун ар бир ата-эне уйдон козомолдойлу. Албетте балдардын ыймандуу болушун ар бир ата-эне каалайт.

Ата-энелер комитетинин торагасы томокулорго кошумчалады: Хиджап, жолук кийинтем десе 11-классты бутуп кеткенден кийин деле кийсе кеч эмес. Андан коро балдар ,кыздарыбызга туура тарбия берип, улууларды урматтоого озунон кичуулорду сыйлоого тарбиялайлы. Ар бир ата – эне мугалимдер менен тыгыз байланышта бололу.

Scanned by TapScanner

**Жарыш созго чыккандар :**

**Долонбаева Ибадат:** Ар бир ата -эне балдарыбызды ыймандуу болсо экен деп тилейбиз. Ыйман жолуна кирип, кийген кийимдери тууралуу билбей, тушунбой эле жаш кыздарыбызга кийгизип коюп жатабыз. Ал бала тушунбой жатат эмне учун кийип жатканын. Биз кайсыл тарапка баштасак балдарыбыз да ошол тарапка кетет. Ошон учун туура жол корсотуш туура тарбия бериш бизден. Балдардын балалыгы озунчо, алар ойногусу келет, чуркайт, топ ойнойт. Хиджап кийгизип койсок кандай балалык болот. Кичинекейинен эле тыюу салып ото кысымга алган болобуз. Кийин убагы келип чонойгондо оздору да тушунуп калышат. Уйдо биз деле бироого баш ийебиз. Азчылык копчулукко баш ийиш керек . Оронгондорду коруп жатабыз оздору да билбейт кайсыл динде бара жатканын. Ошондуктан мектеп болгондон кийин ашыкча кийимдери токтотолу да мектеп формасында гана жонотолу балдарды.

**Молдобекова Тамара:** Окуучулар мектепке мектеп формасында эле келген жакшы мен да кошулам. Ата- бабаларыбыз кыргыздар илгери мындай кийимдери кийген эмес, азыр ушундай кийимдерди кийгендер кобойтуп кетти. Мода болуп жатат. Эми акырындап мектеп окуучулары да кийине баштады. Менин оюм мектепке мектеп формасы менен эле келсин. Оронуп келгендерге каршымын.

**Осмонова Сайракан:** Мен да жогорудагы айтылган создорго кошулам чын чынына келгенде мектепке мектеп формасы менен келиш керек. Башка мекемелерге да барганда коробуз ар бири оз формасын кийишет башка ашыкча форма кийгенин корбойсун. Арабияда кун аябай ысык болгондуктан хиджап кийишет. Кунго куйуп калбаш учун. Азыр карап турсак ушул кийим бизге деле келип калды. Жаш балдар узун сакал коюп атасынан да улуу корунот таанибайсын. Илгери ата-энелербиз да ыйман жолунда журушкон, намаз окушкан эч кандай оронгон эмес. Жакшынакай болуп эле оз кийимдерин кийишкен. Мен да мектепке ар бир окуучу мектеп формасында келишин каалайм . Ата-энелер баарыбыз тегиз ойлонуп иш кылалы. Мусулманбыз деп эле баарын ороп койбой, мектепке мектеп формасында келишсин.

**Айтмырзаев Жайлоо:** Жогоруда аябай жакшы создор айтылды, толугу менен кошулам. Бирдей талап болгону жакшы. Талапты каттуу коюшубуз керек. Мурдагы эле мектеп формасын сакташыбыз керек. Балдар, кыздарды мектепке мектеп формасында гана жонотолу.

Scanned by TapScanner

**Чонмурунов Бакыт:** Ар бир мектептин озунун тартиби бар, ошол тартипке баш ийишибиз керек. Ар бирибиз оз билгенибизди кыла берсек анда каякка барабыз . Балдарга туура тарбия берип жол корсото турган биз. Оронгондорду коруп жатабыз жана айтып откондой оздору да билбейт кайсы динде экенин. Кылган иштерин коруп жатабыз. Ошондуктан мен да айтылган создорго макулмун мектепке мектеп формасында гана келишсин ашыкча кийимдердин кереги жок.

**Чогулушту жыйынтыктоо учун созду аялдар кенешинин торайымы Жылтырбекова К:**

Саламатсыздарбы ата-энелер. Келген буйрук менен баарыбыз таанышып чыктык. Жогорудагы ата-энелер, аксакалдарыбыз оз ой пикирлерин айтып отушту. Азыр мектептерде ушундай оронуп келген окуучулар кобойтуп бара жатканы тууралуу менин да маалыматым бар. Ар бир министирликтин оз жоболору боюнча иш алып барылат, ошондуктан мен айтат элем билим беруу системасынын озуно жараша коюлган тараптары болот. Биз ошол талаптарга баш ийишибиз керек, мектепте балдарыбыз окуп билим алып жаткандан кийин. Менин оюм мектепке мектеп форма талап кылып жаткандан кийин форма менен келген он. Бир окуучу оронуп келсе, кийинки окуучу оронуп келбейт деп ким кепилдик бере алат, ошондо токтото албайбыз. Кээ бир адамдар айтат «Ар кимдин оз эрки окуучунун укугун тебелебеш керек» дешет, ал укук тебелеш эмес, ар бир окуучу мектеп талабына жооп бериш керек. Окуучу кыздар ак жака, ак жен, бантик менен келиш керек. Мурда биз мектепте окуганда да талап ушундай болчу.. Жолук салынгысы келсе, мектепке чейин салып келсин, мектепке ак бантик форма менен келсин. Уйго кетип жатканда жолугун салып ала берсин. Эгер азыр ушундай тушундуруу иштерин жургузбосок, эртенки куну жалпы дене мучосун ороп, эки козу гана ачык кийинип мектепке келип калбасын деген ойдо айтып жатам. Бул маселени ушул бойдон калтырып койсок жакынкы убактарда эркек балдарыбыз узун койнок, шалбар шымдарды кийип, узун сакал коюп, бутуна резинка тапочка кийип мектепке келсе кандай кылабыз. Кыздарга уруксат берсек балдар кийбейт деп эч кимибиз кепилдик бере албайбыз. Азыр учурда мектепте иштеген улуу эжекелерибиз деле мектепке оз формаларында келип билим берип жатпайбы. Бул билим беруунун талабы. Анан окуучу деген мугалимге баш ийиш керек. Биздин мектепте ото одно кийинген, чачты жайган, кыска юбка, боенгон, бийик така кийген кыздарды корбойм.Мектеп формасында келишет. Себеби мен окуучуларды кундо короm. Ушул мектеп формасын талап кылып кийгизиш озубуздон. Ата-

Scanned by TapScanner

энелер туура тушунуу менен иш кылалы. Мугалимдердин эмгегин баалаш керек.

Жогорудагы маселени карап чыгып чогулуш

Токтом кылат:

1. Окуучулар мектепке мектеп формасы менен келуусу ар бир ата-энеге милдеттендирилсин.
2. Мектепке окуучулар ашыкча форма (хиджап, жолук) менен келууго тыюу салынсын.
3. Буйруктун аткарылышы тарбия болум башчысы жана ар бир класс жетекчиге жуктолсун.

Мектеп мудуру: Т.А Уманалиев

Т.И.У: К.К Мусабаева

Катчы: Анарбек кызы А

Scanned by TapScanner